**УДК: 82(5К)+008(575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-599-604**

**Садыкбек кызы Ж.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Абдыкалыкова Т.К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫ ЖАНА АБАЙ КУНАНБАЕВ

**Аннотация:** Макалада Абай (Ибрагим) Кунанбаевдин кыргыз маданиятындагы орду жана анын чыгармаларын кыргыз тилине которуудагы алгачкы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн эмгектери: 1930–1940-жылдары Жоомарт Бөкөнбаев менен Аалы Токомбаев тарабынан колго алынган которуу иши, Аалы Токомбаевдин баш сөзү менен 1970-жылы жарык көргөн «Абай менин элим» аттуу жыйнак, 1994-жылы жарык көргөн «Абайдын ырлары» аттуу ыр жыйнак, 1994-жылы «Айла» басмасында жарык көргөн «Мыкты ырлардын китепканасы» деген ат менен Абайдын тандалма ырларынын котормолору мыкты делген тогуз акындын котормолору, 1995-жылы «Шам» басмасынан жарык көргөн «Абай ырлары» аттуу төрт кыргыз акыны которгон ыр жыйнактары тууралуу сөз болот жана котормолордо Абайдын ырларынын тематикасы – социалдык жактан ыдыраган феодалдык-уруучулук коомдун моралдык-нравалык бейнеси экендиги жана акындын дүйнө туюмун мүнөздөгөн сезимдерин, ойлорун, сөздөрүн жана образдар системасын, стилистикалык ыкмаларын берүү аракеттери, Алым Токтомушевдин калемине таандык Абайдын санат, насыят, жан сыры түрүндө жазылган «Гаклия» аттуу прозалык чыгармасы тууралуу айтылат.

**Негизги сөздөр:** рухий баалуулук, маданият, адабият, өнөр, поэзия, котормо, өкүл, көчмөн эл, интеллигенция, чындык, адилеттик, насыят, санат, акын, дил, ой, тил.

**Садыкбек кызы Ж.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Абдыкалыкова Т.К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# КЫРГЫЗСКАЯ КУЛЬТУРА И АБАЙ КУНАНБАЕВ

**Аннотация:** В статье рассматривается место Абая (Ибрагима) Кунанбаева в киргизской культуре и творчество первых кыргызских интеллектуалов по переводу его произведений на кыргызский язык: переводческая работа, предпринятая Джоомартом

Боконбаевым и Аалы Токомбаевым в 1930-1940-е годы, опубликована в 1970 году с предисловием Аалы Токомбаева. Сборник «Абай мой народ», «Стихи Абая» издан в 1994 году, «Библиотека лучших стихотворений» издана в 1994 году, переводы избранных стихотворений Абая девяти поэтов. которые считаются лучшими, в 1995 г. Речь пойдет о сборнике стихотворений в переводах четырех кыргызских поэтов под названием «Стихи Абая», изданном издательством «Шам», причем темой стихов Абая в переводах является нравственный образ социально раздробленное феодально-родовое общество и чувства, мысли, слова и образы, характеризующие мировоззрение поэта, пытаются представить системность, стилистические методы прозаического произведения Абая «Хаклия», написанного в форме поэмы, поэмы и тайны. О душе, написанная Алымом Токтомушевым.

**Ключевые слова:** Духовная ценность, культура, литература, искусство, поэзия, перевод, представитель, кочевой народ, интеллигенция, истина, справедливость, наставление, поучение, поэт, разум, мысль, язык.

**Sadykbek kyzy J.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Abdykalykova T.K.**
teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## KYRGYZ CULTURE AND ABAI KUNANBAEV

**Annotation:** The role of Abai (Ibragim) Kunanbaev in Kyrgyz culture and the works of the first Kyrgyz intellectuals in the translation of his works into Kyrgyz: a translation by Djoomart Bokonbaev and Aaly Tokombaev in 1930-1940, published in 1970 under the title Aaly Tokombaev "Abai is my people", a collection of poems "Abai's songs" published in 1994, "Library of the best songs" published in 1994 by "Ayla" publishing house, translations of Abai's selected poems by nine best poets, 1995 There are collections of poems translated by four Kyrgyz poets, "Abai's Songs", published by Sham Publishing House. The themes of Abai's poems are the moral image of a socially fragmented feudal-tribal society and the poet's feelings, thoughts, words and images that characterize the world described. Attempts to transfer the system, stylistic techniques, fee resolution It tells about Abai's prose work "Gakliya" written in the form of art, sermon and the soul.

**Keywords:** Spiritual value, culture, literature, art, poetry, translation, representative, nomadic people, intelligent people, the truth, justice, sermon, art, poet, soul, thought, language.

Көөнөрбөс рухий баалуулук деп эсептелген Абайдын поэзиясы сөз искусствосунун эң жогорку үлгүсү катары кыргыз маданиятында сыйлуу орунда турат. Абай Кунанбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы Кыргызстандын мектептеринин программасына киргизилип, жаш муундарды мекенчилдиктин, элге адал кызмат кылуунун духунда тарбиялап, көркөм аң-сезиминин өсүшүнө таасирин тийгизип келет. Кыргыздын белгилүү коомдук ишмери, алгачкы журналист Т. Суванбердиев кыргызчалаган М. Ауэзовдун "Абай" романы өз убагында зор маданий окуя катары кабыл алынган. Ал роман кыргыз менен казактын тили жакын, дили бир экенин элдин эсине дагы бир жолу салган. Аталган романдын котормосу

казактын улуу акыны Абайды жана анын казак деген калкын тереңирээк түшүнгөнгө жол ачкан [3. 80].

Бул тууралуу: «Ар бир элдин өз дооруна тиешелүү чолпондой балбылдап жанып турган, көңүлүңдү ынантып, жан дүйнөңдү жарык кылган, сер акыл, деңиздей чалкып жаткан терең адамдары бар. Борбордук Азияда жеке казак эли эмес, бүткүл чыгыш элине тиешелүү даанышман ойчулардын сабында турган алп инсан бул – Абай», – деп жазган академик А. Акматалиев [1. 175].

XIX кылымдын аягындагы, XX кылымдын башындагы казак адабиятында Абай Кунанбаевдин монументалдуу образы ар дайым өзгөчө бөлүнүп турат. Канча замандан бери калктын ой баккан бөлүгү ашкере суктандырган ушул образ аялзатын ыйык көрүп баалоонун, аны жан дилден сүйүүнүн, чындыкты, адилеттикти туу тутуунун, өз элинин тагдырына жаны ачып, анын келечегин ойлоп азап тартуунун символу катары кабыл алынып келе жатат. Анын ысымы өзүнөн мурда озунуп, улутташтарына, дили жакын, тили тектеш элдерге эрте жетип, аңыз болуп айтылганы ошондон болсо керек. Ага боор тарткан замандаштарын Абайдын өтө жаш кезинде окуп жаткан Семейдеги медресени таап, атасы Кунанбайдын өктөм эрки менен бийликке аралашканы тынчсыздандырган дешет. Бул ич ара интрига токуу менен алектенип, далай бейкүнөө бечараларды доого жыккан, ар кандай чыр-чатактан өздөрүнө олжо көргөн айлакер бий-болуштардын арасында баралына келе элек жаш неме кандай болор экен деген ниеттен улам чыгып жаткан кооптонуу болчу. Бирок табиятынан акылы сергек, жөндөм-шыгы курч, анан да окумал өспүрүм уруу ичиндеги күрөштү кырк катмар кытмырлык менен козуткандардын чөйрөсүндө жүрүп, кара сөз менен кайым айтышуунун алиппесин аябай өздөштүрүүгө жетишти. Көчмөн калктар арасында жер же жайыт талашып, доону же карызды маңдай-тескей отуруп, казактын кадимки оозеки бекитилген укугунун негизинде чечишкен элдик жыйындарга катышып жүрдү. Ал жерде кысталышта жол таап берер жорго сөз, таңдайынан чаң чыккан чечендик, чукугандай сөз таба билгендик талаш таразасынын ташы ары же бери оодаргандарга кудуреттүү экенин өз көзү менен көрдү. Ошондой чөйрөдө жүрүп, ошондой иштерге аралашкан Абай мындай учурда эң оболу казактын кан дүргүткөн элдик-речтик маданиятынын бай казынасына таянган. Ошонун шарапаты менен Абай өспүрүм курагында эле куюлуштуруп сүйлөп, кулактын курчун кандырган сөзмөр, чукугандай сөз тапканга уста, чечендик өнөрдүн ченемсиз чебери деген атка конуп, саясий сөздүн салмактуу маанисин жогору баалаганды үйрөнгөн. Ошондон улам жалтанбас жаш Абайдын даанышмандык сапатына таң берген каны бир казактын калың эли аны кара кылды как жарган калыс, чындыкты бурмалабай түз айткан адилет адам деп кабыл алышкан. Муну ошол тегерекке жакын райондогу уруктардын жана уруулардын, ал түгүл алыскы уездердеги казактардын жер ж.б. талаштарын, доолорун, талап-тоноолорду, өлтүрүлгөндөрдүн кундарын төлөтүүнү калыс чечкенге катышып берүүсүн өтүнүшүп, ага расмий жолдогон кайрылууларынан көрсө болот. Ошондой олуттуу иштерди чечүүдө Абай акыйкат болуп, керт башынын кызыкчылыгын ойлобой, калыстык кыларын анын туугандары менен жоолашып, Абайды каралап, анын үстүнөн арыз, чагым жазып жүргөндөр салым берүүсүн өтүнүшкөн деген сөз да эл арасында бар. Жаштайынан уруу ичиндеги жаңжал-чатактарга зордоп тартылып, бийлик десе эт-бетинен түшкөн наадан, караңгы адамдардын ачкөздүгүнөн, эки жүздүүлгүнөн көңүлү калган Абай өз атасы Кунанбайдын залимдиги, адилетсиздиги менен да келише алган эмес. Басмырлап өктөм сүйлөгөн ата менен да келише көнбөгөн чынчыл баланын ортосундагы пикир келишпестик

акыры бири-биринен кол үзүүгө алып келди. Ошондон баштап жыйырма сегиздеги Абай өз акылы менен өзү каалагандай жашаганга өттү.

Абайдын өмүрү – бул казактын талаасын каптаган караңгылыктан чыгуунун жолун издеген, чымырканган рухий изденүү менен жашаган адам өмүрүнүн үлгүсү. Ал коомдук иштер менен бирге ыр жазуу менен алектенгени да белгилүү. Анын поэтикалык чыгармачылыгы мектеп-медреседе окуп жүргөн жылдарында чыгыш поэзиясынын үлгүсүндөгү ырларды туурап жазган арноо, сүйүү ырлары, элдик поэзиянын тилиндеги экспромат ырлары менен башталган. Алар акындын досторунун атынан таратылып турган. Ал отуз беш жашында кайрадан поэзияга кайрылган экен. Бул мезгилдеги ырлары да өзүнүн досторунун атынан таратылыптыр. Анан акыл чабыты өсүп, маданий жактан бакубаттанган Абай он, жыйырма жыл ичиндеги өмүрүн элдик поэтикалык чыгармачылыкты, чыгыштын, асыресе орустун классикалык адабиятын тереңдете окуп үйрөнүү менен өткөрдү. 1886-жылдын жайында кырк жашка чыккан Абай «Жай» деген керемет ырын биринчи жолу өзүнүн атынан чыгарып, калган чыгармачылык өмүрүн бүт бойдон жемиштүү поэтикалык ишмердикке арнаган.

Ошол жылдардагы Абайдын ырларынын негизги тематикасы – социалдык жактан ыдырап, кумары, касиети кеткен феодалдык-уруучулук коомдун моралдык-нравалык бейнеси: Өз чыгармаларында Абай андай коомду жээрийт. Коомду андай абалга алып келгендер уруу башчылары, ошолордун камчысын чапкандар экенин өтө кейүү менен белгилейт. Түгөнбөгөн уруулар аралык чыр-чатактарды, жер талаштарды баскандын ордуна, элди бири-бирне тымызын шыкактап күчөтүп жаткандар ошолор экенин, анын айынан эл кыйналып, жардыланып, ошондой шылуундардын жемине айланып жатканын поэзиянын тили менен ашкерелейт.

Бирок жаш кезинен жанын аябай иштеп, адилеттик, чындык үчүн күрөшкөн ишинен, илим-билимге умтулуп, ак эмгек кылгыла деген чакырыгынан натыйжа чыкпай жатканына таң калат. Анын айткан-дегендери колдон чууруган кум сыяктуу болуп калабы? Чегиндей көрүп, утурумдук кызыкчылык менен жашаган, алдамчылык менен уурулукту көндүм иш катары карап, боз үйдөн ары жакты көрүүгө умтулбаган караңгылык, акылды тушаган наадандык качан калат? Абайдын чыгармаларындагы ойду он бөлүп, жансыздаткан суроолор ушулар. Ырас, Абайдын ар кандай темадагы ажайып ырлары жазма иши өнүкпөгөндүктөн, көбүнчө оозеки же кол жазма түрүндө көчүрүлүп тараган жана казак калкынын арасында өтөт популярдуу болгон. Алар элге эстетикалык рахат берип, дүйнө таанымын өстүргөн, үмүттүк, өздүк аң-сезимдин өнүгүшүнө, казак тилинин адабий түспөл алышына кыртыш даярданган. Романдын 1-2-китеби (1942-1947) СССР мамлекеттик сыйлыктын (1949), 3-4-китептери (1950-1956) Ленииндик сыйлыгына (1959) арзыган.

Доордун улуу жазуучусу Мухтар Ауэзов казак элинин даанышман акыны чыгармачылыгын азыктандырган үч булакты белгилеп өтөт. Анын бири – элдин өзү жараткан оозеки жана жазма эстеликтеринде чагылдырылган байыркы казак маданияты. Абай өз поэзиясын ошол көөнөрбөс казынанын эң мыкты жана баалуу жактарын акыл-оюна сиңирип алуу аркылуу көркүнө чыгарган. Экинчи – чыгыш маданиятынын эң мыкты үлгүлөрү. Чыгыштын, асыресе кошуна калктардын маданиятына кайрылуу казак маданияты үчүн жагымдуу көрүнүш. Үчүнчү булак – бул орус маданияты жана ошол аркылуу келген дүйнөлүк маданият. Улуу жазуучунун пикири боюнча, ушул булактарга кайрылуу Абайдын доорунда зор мааниси бар прогрессивдүү факт деп эсептелген жана ар акындын өзүнө гана тиешелүү өзгөчө талантын жасалмалуулук, тууроочулук менен бурмалаган эмес. Алар

Абайдын поэзиясын, рухий дүйнөсүн жаңы идеялар менен да байыткан [2. 80]. Абай Кунанбаевдин поэзиясы, накыл сөздөрү, кыргыз жергеси тууралуу маалымат бергендер Алматыдан билим алган кыргыз жаштары болгон. Белгилеп кете турган нерсе: 1924-жылга чейин кыргыздын басма продукцияларын басып чыгара турган ишканалары жок болчу. Поэзияга шыктуу кыргыз жаштары чыгармаларын казактын газета-журналдарына казак тилинде басып чыгарышкан. Кийин Абайдын чыгармаларын кыргыз тилине которуп, мезгилдүү басмаларга жарыялап тургандар да алгачкы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү болгон.

Абайдын кыргыз тилине которулган ырларынын алгачкы жыйнагы 1994-жылы «Абайдын ырлары» деген ат менен жарык көргөн. Аны кыргыз тилине кыргыз Кыргыз эл акыны Аалы Токомбаев которгон жана баш сөз жазган. Бул жыйнак 1970-жылы «Абай менин элим» деген ат менен кайра басылган. 1994-жылы ИТЦ «Айла» басмасы» «Мыкты ырлардын китепканасы» деген ат менен Абайдын тандалма котормолорун басып чыгарды. Ага тогуз кыргыз акынынын мыкты делген котормолору киргизилген. 1995-жылы «Шам» басмасы «Абай» ырлар аттуу төрт кыргыз акыны которгон жыйнак чыгарды [4. 127].

Жалпысынан алганда, Абай Кунанбаевдин айрым ырлары жана «Масхуд» аттуу поэмасынан башка чыгармалары кыргыз тилине толук которулду десе болот. Абайдын ырларын которгондор негизинен кыргыздын белгилүү акындары. Алардын көз караштары, темпераменттери да ар башка, котормочулук тажрыйбалары да бир кылка эмес. Макаланын көлөмүнөн улам алардын котормолорун анализдөөгө мүмкүнчүлүк болбой турат. Бир нерсе анык: алар Абайдын дүйнө туюмун мүнөздөгөн сезимдерин жана ойлорун, сөздөрүн жана образдар системасын, стилистикалык ыкмаларын берүүгө аябай аракет кылышкан. Бирок ал дайыма эле оңунан чыга берген эмес. Казак тилиндеги ырдын инструментовкаланышы, сөздөрдүн ажарланган ыргак-күүсү кээде адекваттуу каражаттар менен берилгендиктен, Абайдын ырларынын ритми, уйкаштыгы чоркок болуп, эмоцияны ээликтире жетелеп кете албай калат.

Анткен менен Абайдын ошол доордогу коомдун тарыхый тагдырына жана казак айылдарынын өзгөчөлөнгөн жашоо турмушуна арналган ырларындагы идеялары жана рухий умтулуулары берилген. Биз ушул ырлар аркылуу карапайым эл массасынын аргасы кеткен азаптуу абалы, илим-билимди, прогрессти жээриген феодалдык төбөлдөрдүн чыр-чатакты ырбатма бузукулугу жана Абай элдешкис мамиле кылган ошол кездеги археникалык саркындылардан арыла элек айылдык коомдун тартип-түзүлүшү менен таанышабыз. Эң негизгиси жыйнактардагы жогорку көркөмдүктө которулган Абайдын керемет ырларын окуп, эстетикалык ырахат алабыз

| | |
|---|---|
| Желсиз түндө жарык ай, | Ашыглык келсе жеңер боюңду алып, |
| Шооласы сууда дирилдеп. | Жүдөтөр безгек ооруу сыяктанып. |
| Айылдын чети терең сай, | Тула бой тоңот сууп, үмүт үзсө, |
| Ташыган дайра күрүлдөп. | Демденсе дене өрттөнөр күйүп-жанып. |
| (Ж. Бөкөнбаевдин котормосу) | ( С. Эралиевдин котормосу) |

Абайдын санат, насыят, жан сыры түрүндө жазылган «Гаклия» аттуу прозалык чыгармасы менен да кыргыз окумандары тааныш. Аны кыргызчалоону таланттуу акын, кыргыз коомуна кеңири белгилүү журналист жана котормочу Алым Токтомушев ишке ашырган. Чыгарма «Ачылбаган сандыкта...» деген интригалуу аталыш менен интернет желесине жайгаштырылган. Котормодо түп нусканын философиялык-моралисттик, коомдук-публицистикалык, ашкерелеме-сатиралык пландагы айтылышынын тону, стилистикасы

чеберчилик менен берилет. Ошонун натыйжасында кыргыз окурманы караңгылыктын үстөмдүгүнөн түнөргөн кылымда жан сыздаткан жалгыздыктын азабын тарткан адамдын муң-зарга толгон жан сыры менен таанышууга мүмкүнчүлүк алат.

Ошол романдын духунда тарбияланган муундар Абайдын: «Өрдөктүн өзү кетип, сазы калды, өмүрдүн көбү кетип, азы калды», – деген учкул сөзүн өзүнүкү сымал колдонот. Жаңы келген келинге карата Абайдын:

«Саулем, саулем саулемсиң,
Басымдагы дауремсиң.
Жаксы болсаң саулемсиң,
Жаман болсаң ауремсиң», – деген ыр сабын казак тилинде айтып, каткырып күлүп калышат.

Арийне, канча замандан бери калктын ой баккан бөлүгү ашкере суктандырган ушул образ аялзатын ыйык көрүп баалоонун, анын жан дилден сүйүүнүн; чындыкты, адилеттикти туу тутуунун; өз элинин тагдырына жаны ачып, анын келечегин ойлоп азап тартуунун символу катары кабыл алынып келе жатат. Анын ысымы өзүнөн мурда озунуп, улутташтарына, дили жакын, тили тектеш элдерге эрте жетип, аңыз болуп айтылганы ошондон болсо керек.

Жазган ырлары элдин эсинде сакталып, олтурган-турган жерге оозунан түшпөй айтылып жүрсө, акынга мындан өткөн бакыт барбы! Быйыл 175 жылдыгы белгиленип жаткан казактын даңазалуу акыны Абай Кунанбаев жылдызы балбылдап жанган ошондой бактылуу адамдардан.

**Пайдаланылган адабияттар**

1. Акматалиев А., Обосканов А. Абай ырлары [Текст] / – Бишкек. – «Шам» басмасы. – 1995. – 177 б.
2. Ауэзов М. Абай жолу [Текст] / – Ф: Кыргызмамбас. – 1963. – 80 б. Ф.: Адабият, Которгон: Суванбердиев Т. – 1989.
3. Суванбердиев Т. Абай жолу [Текст] / Суванбердиев Т. Абай жолу Ф: Кыргызмамбас. – 1989. – 80 б.
4. Токомбаев А. Абайдын ырлары [Текст] / – Ф: Кыргызмамбас. – 1954. – 127 б.

**Рецензент: филология илимдеринин доктору, доцент Колбаева М.**